**А.Закиров атындагы орто мектебинин 2020-2021-окуу жылы боюнча окуу тарбия иштерине анализ**

А.Закиров орто мектебинде 19 мугалим эмгектенет.

Мектептин окутуу жамаатынын алдына койгон максаты :«Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу учун ар бир окуучуга максаттуу,багыттуу билим берүү»болду.Ошондой эле негизги маселелердин бири келечектин ээлери болгон жаш муундарды чыгармачыл ойлоого үйротүү,аларды практикалык ишмердүүлүккө даярдоо.Мугалимдин заманга жараша өзгөрүшү,окутуу менен тарбиялоонун заманбап усулдарын колдонуп окуучулар үчүн кызыктуу сабактарды өтүү. Окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн педагогикалык ишти уюштуруунун жол жобосун жаны баскычка коюу керек . Мектеп 192 орунга эсептелинген 1991-жылдан тартып окуучулар окутулуп баштаган.

2019-2020- окуу жылында мугалимдер алдыга койгон максатынын үстүндө чыгармачылык , жоопкерчилик менен ийгиликтерге жетишти .

Алардын ичинде Эл агартуунун отличниги башталгыч класстын мугалими Мамбеталиева Бурма, башталгыч класстын мугалими Молдалиева Орозогуль коп жылдан бери жигердүү эмгектенет.Ошону менен бирге коп жылдан бери мугалимдик кесипти аркалаган тажрыйбалуу мугалимдерибиз физика мугалими Закирова Дуйшокан Асанбековна өз ишине өтө жоопкерчиликтүү жана мезгилдин талабына ылайык заманбап сабактарды өтүп,окуучулардын билимин терендетүүгө,кечекте билимдүү окуучуларды чыгарууга чоң салымын кошуп келет.Айта кетсек химия,биология мугалими Эшенкулова Нуржамал Буланбековна дагы окуучуларга татыктуу билимин берип , ал окуткан 9- класстын окуучусу Жекшембеков Кайрат деген окуучубуз биология сабагынан райондук олимпиядада 2- орунду ээледи.Жаш адис болсо дагы Иманов Жакшылыктын окуучусу, 10-класстын окуучусу Садбакасова Сайкал кыргыз тили сабагынан райондук олимпиядада 1- орунду ээледи.11-класстын окуучусу Ражапова Айсезим кыргыз тили сабагынан райондук олимпиядада 3- орунду ээледи ,мугалими Иманов Жакшылык эки жылдан бери сабак берет.

Жалпысынан алганда 2019-2020-окуу жылын 1-4-класстарда 58 окуучу,5-9-класстарда 80 окуучу ,10-11-класстарда 30 окуучу бардыгы 168 окуучу ошондой эле даярдоо классын 11 окуучу ийгиликтүү аяктады.

Мектеп боюнча бардыгы 168 окуучу окуу  жылын аяктады . Анын ичинен 80 кыздар , 34 отличник , 47 ударник . Мектепте уч усулдук бирикме иштейт .

1. Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси
2. Гуманитардык сабактардын усулдук бирикмеси
3. Так илимдер жана табигый предметтердин усулдук бирикмеси

Предметтик декадалардын графиги педагогикалык кенешмеде каралып, бекитилген.

2020-2021- окуу жылы 1-сентябрдан 26-ноябрга чейин Короновирус пандемиясына карата окуу тартиби онлайн түрүндө(аралыктан окутуу)жүргүзүлдү .

Сентябрь айында класстык журналдарды толтурулду,аралыктан окутууда теле сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык ар бир предметтердин жүгүртмөсү жума сайын тузулуп ,окуучуларга жана предметтик мугалимдерге берилип жана анын өткөрүлүшү текшерилип турду

Сентябрда Кыргыз  тилинин-мамлекеттик тил болгондугунун 31жылдыгына карата ар бир класста онлайн тарбия сабактары өткөрүлдү

Ноябрь айында 9-11-класстарды улуттук тестирлөөгө жана райондук олимпиядага  даярдоо иштери жүргүзүлдү.

Чынгыз Айтматовдун 92-жылдыгына карата иш-чара өткөрүү менен ар бир класста  бул иш-чара боюнча класстык сааттар өтүлдү.

Мектепте 2019-2020-окуу жылындагы мектеп аралык олимпияда өткөрүлдү.Олимпияданын жыйынтыгы боюнча 12 окуучу райондук олимпиядага катышты.

10-класстын окуучусу Садбакасова Сайкал кыргыз  тили сабагынан 1-орунду алды ,мугалими Жанышов Жакшылык .

9-кл. окуучусу Джекшенбеков Кайрат биология сабагынан райондук олимпиададан 2-орунду алды.Мугалими Эшенкулова Нуржамал жакшы даярдагандыктан жетишкендикке ээ болду.

11-класстын окуучусу Ражапова Айсезим кыргыз тили сабагынан 3- орунду алды.Бул окуучулардын жетишкендиктери  жалпы мектеп окуучулары жана мугалимдер учун чон сыймык жана кубаныч алып келди. Женишке жеткен окуучуларга жана предметник мугалимдерге  Айыл окмоту тарабынан

акчалай сыйлык,райондук окуу болуму тарабынан берилген грамоталар жана сыйлыктар тапшырылды.

26-27-декабрда жаны жылдык ёлка өткөрүлдү . Январь айында 14.02-24.02 табигый жана так илимдеринин декадасы болуп , жыйынтыкталды .Эшенкулова Н .8-кл химия сабагынан «Галогендер» темасы боюнча сабагын откорду.Сабак жакшы уюштурулуп ,даярдалган деп табылды ,бирок окуучулардын химия боюнча билим денгээли төмөн экендиги,пандемияга карата сабактын аралыктан өтүлгөндүгү менен байланыштырылган.Медетбекова Нуржамал 7-класска география сабагынан кайталоо сабагын өттү Америка боюнча. Сабак «орто»денгээлде өтүлдү.Мугалимдин аракети жакшы ,окуучулар теманы толук өздөштүргөн эмес,карта менен иштегенди билбейт деп табылды.Математика мугалими Шейшенова Жылдыз 11-10-класстар арасында таймаш сабагын уюштурду .Сабак көрсөтмөлүү ,жаны технология,методика менен техниканы колдонуу менен кызыктуу өтүлдү. Абдырахманов Мирбек агайдын 8-класстагы математика сабагы жакшы денгээлде өткөрүлдү.Мугалим көп жылдык тажрыйбасы,сабагын мыкты денгээлде билип окуучуларга жонокой жолдор менен түшүндүрүп ,татыктуу билим берери аныкталды.Тарых сабагы боюнча Домасбекова Г.А. 6-класска «Барсбек-кыргыз каганы»деген темада ачык сабак отту.Сабак көрсөтмөлүү ,жакшы денгээлде өтүлдү.Декада учурунда ачык сабактарга кирген мугалимдер ар бир сабакты анализдеп,кенеш берилип , протокол түзүлдү Февраль айында «Илим жана техника» жумалыгы ийгиликтуу өткөрүлдү. Жумалыкта, сүрөтчүлөр , жаш техниктер жана окуучулардын проектеринин конкурсу өткөрүлдү.Бул иш-чараны өткөрүүдө физика жана химия мугалими Закирова Д.абдан жакшы уюштурду.

Конкурстун женүүчүлөрү белектер менен о.э.грамоталар менен сыйланды.

«Эне – тилим – эне сүтүм» 21-февралда иш-чара өткөрүлдү . Ар бир класста тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

19-апрелден 29-апрелге чейин гуманитардык сабактар боюнча декада өткөрүлдү.Абдурахманова Г.С.Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» деген темада ачык саат өттү.Сабак бышыктоо түрүндө өттү.Мугалим изденип,көрсөтмөлүү,кызыктуу кылып даярдаган ,окуучулардын билим денгээли талапка ылайык интерактивдүү жакшы сабак өтүлдү деп катышкан мугалимдер ыраазычылыгын билдиришти.Баракова Д.О. «В гостях у сказки»деген темада ачык сабак өткөрдү.Сабак кызыктуу,интерактивдүү методдор колдонулуп ,окуучулар активдүү катышышты.Баракова Д.О.10-кл.

Л.Н.Толстойдун Хаджи Мурат деген чыгармасы боюнча талкуу сабагы өттү.Окуучулардын орус тилинде таза,туура сүйлөп жооп бергендиктери мугалимдерди кубандырды.Сабак көрсөтмөлүү,кызыктуу болуп максатына жетти жана «жакшы»сабактардын денгээлинде өтүлдү.Иманов Ж. интерактивдүү методдорду колдонуу менен «Акыл таймаш» өткөрдү.Турдалиева М.,Слабое звено»оюн сабагын өткөрдү.Сабактар кызыктуу жана жогорку денгээлде өткөрүлдү.Гуманитардык сабактардын декадасы 9-10-11- класстар аралыгында «Акыл таймаш» интелектуалдык конкурстук оюн сабагы менен жыйынтыкталды.

Мугалимдин квалификациясын жогорулатуу боюнча информатика мугалими Иманкулова Кымбат онлайн курсту окуп ,сертификатка ээ болду.Мектеп директору

Абишева У .О.квалификацияны жогорулатуу боюнча онлайн курсту окуп сертификатка ээ болду.

Мектепте уч ийрим иштейт

1.Дене тарбия ийрими жумасына 5саат

2.Физика сабагынан жумасына 5саат

Андан тышкары комуз боюнча 3-8-кл.менен кыргыз тили сабагынын мугалими Иманов Ж.иш алып барат.

2020-2021-окуу жылында иш мерчем боюнча 1-сентябрдан 26-ноябрга чейин аралыктан,26-ноябрдан айынан баштап окуу жылынын аягына чейин өтүлүп жатты.

Жалпысынан жылдык жыйынтык боюнча пландаштырылган иш-чаралардын алып барылышы «жакшы» денгээлде өттү.

2020-2021-окуу жылында ЖМАнын өткөрүлүшү короновирус пандемиясына ылайык жогорку көрсөтмөлөргө ылайык 9-11- класстардын окуучуларына ЖМАнын комиссиянын чечими менен жыйынтыктоочу баалар коюлду.А.Закиров орто мектебин 9-класста 20 окуучу,11-класста 20 окуучу мектепти ийгиликтүү аяктады.

Өзгөчөлөнгөн аттестат жана күбүлүк алган окучулар

| Жылы | аттестаттар | күбөлүк | |
|---|---|---|---|
| 2019 | - | 3 | |
| 2020 | - | 2 | |

Интерактивдүү  доскабыздын иштебей турушу ,прооектордун жоктугуна карабастан мугалимдерибиз талыкпай ,изденип телефондун жардамы менен болсо дагы онлайн сабактарды өтүп жигердүү иштеп келишет.Жалпысынан алганда 2020-2021- окуу жылын ийгиликтүү  жыйынтыктадык деп айтсам ашык кетпес деп айтмакчымын.

Окуу завучу: [illegible] Т.А